**Анкетага анализ**

**2021-жылдын октябрь-ноябрь айында «Биз зордук-зомбулукка каршыбыз», «Мектептеги рэкетчилик» деген темалар боюнча С.Мырзакматов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде сурамжылоо жүргүзүлдү**

Анда 1. Зомбулук деген эмне? - деген суроонун жообун окуучулардын 80% билишет.

2. Зомбулукка кайсы жерде көп туш болот деген суроого 85% окуучулар дааратканада деген жооп жазышкан.

3. Сенин мектебиңде зомбулук барбы деген суроого 82% окуучу "жок" деген жоопту беришкен.

4. Зомбулук боюнча кабарды кимден аласың? - деген  суроого 75%  өзүм курдуу балдардан деп жооп беришкен.

5. Мектептеги окуучулар арасында зомбулуктун кайсы түрү көп кездешет – деген суроого окуучулардын 70% байкаган жокмун деген жоопторун беришкен.

6. Мугалим менен окуучунун ортосунда зомбулук кездешеби, кездешсе зомбулуктун кайсы түрү деген суроого 52% окуучу психологиялык жактан деп жооп беришкен.

7. Эгерде зомбулук болгонун байкап калсаң кимге айтасың? – деген суроого 95% окуучу класс жетекчиме кайрылам деген жоопту белгилешкен.

8. Мектепте сага бирөө зомбулук көрсөттү беле деген суроого окуучулардын 98% "жок" деген жоопту беришкен.

Ал эми рэкетчилик боюнча жүргүзүлгөн сурамжылоонун натйыжасында

1. Мектепте рэкет барбы деген суроого 95% окуучулар "жок" деп жооп беришкен.

2. Рэкетчилик кайсы жерлерде көп кездешет деген суроого билбейм деген жоопту 87% окуучу берген.

3. Мектептеги рэкетчиликке ким күнөөлүү деген суроого 92% окуучу окуучу өзү күнөөлүү деген жоопту жазышкан.

4. Рэкетчилик боюнча класстар арасында мушташтар болобу? – деген суроого окуучулардын 90 % "жок" деп жооп беришкен.

5. Рэкетчилик боюнча ИДНдин инспекторуна кайрылган учур кезедешеби деген суроого 98% окуучу "жок" деп жооп беришкен.

Жыйынтык: Окуучулар арасында зордук-зомбулукту  жана рэкетчиликти алдын алууну мектеп парламенти көзөмөл жүргүзүп турсун.

Соц.педагог Сагынбаев Ө. Ж